КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__1__ протоколунда
«___30__»_август___2017-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
______ Бердалиев Ч.Б.
30.08.2017-ж

# Жылдык,чейректик,күндөлүк коюлган баалардын тартиби жөнүндөгү

# ЖОБО

**1.Жалпы жобо**

1. Жалпы билим берүү уюмдарында билим алган ар бир окуучу өзүнүн баа алуу менен аныкталган билимин максималдык объективдүү жана калыс баалануусуна укуктуу.

2. Бул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөүндө” мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин 29.12.2000. №703/1 жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептериндеги иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускама жалпы билим берүү уюмдарында жылдык, жарым жылдык, чейректик, күндөлүк коюлган баалардын тартибин тартипке келтирет.

3. Бардык мугалимдер өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө ушул жобону жетекчиликке алышып, окуу программаларын өздөшүрүүдө сабак боюнча кайрылган ар бир окуучуга жардам берүүгө милдеттүү.

4. Бардык окуучулар сабактар боюнча окуу программасын өздөштүрүүгө бардык күчтөрүн жумшоого, үй тапшырмаларын өз убагында жана толук көлөмдө аткарууга, сабактарга даярданууга, өздрүнүн тырышчаактыгын жана каалоолорун көрсөтүүгө милдеттүү, кандайдыр бир кыйынчылыктар жаралса, токтоосуз жардам сурап, мугалимдерге кайрыла алышат.

**2. Баалоонун жардамы менен окуучулардын билимин баалоо**

2.1. Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын билимин баалоо “5” (эн жакшы), “4” (жакшы), “3” (канааттандырарлык), “2” (канааттандырарлык эмес) бааларын коюу менен ишке ашырылат. Окуучулардын ар кандай сабактар боюнча оозеки же жазуу түрүндөгү жоопторуна баа коюулардын критерийлери КРнын ББИМнын, Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын нормативдик документтери менен белгиленет.

2.2. Окуучуларга коюлган баалар төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

- **күндөлүк -** баалар, окуу жылынын ичинде мугалим тарабынан 2-11 -класстардын класстык журналдарына жана күндөлүктөрүнө коюлган баалар;
- **чейректик -** баалар, чейректин жыйынтыгы боюнча мугалим тарабынан 2-11- класстардын класстык журналдарына жана кундөлүктөрүнө коюлган баалар. Окуучунун класстык журналдагы чейрек ичинде жана күндө алган бардык бааларынын жыйындысы чейректик бааларды коюу учун бирден бир фактылык материал болуп эсептелинет;
- **жылдык -** баалар, окуу жылынын жыйынтыгы боюнча мугалимдер тарабынан 2- 11- класстардын класстык журналдарына жана күндөлүктөрүнө коюлган баалар. Окуучунун окуу жылы ичинде алган бардык чейректик бааларынын жыйындысы жылдык бааларды коюу үчүн бирден бир фактылык материал болуп эсептелинет.

**3.** Күндөгү баалоо

3.1. Күндө коюлган баа - жалпы билим беруу уюмдарынын окуу планына кирген сабактар боюнча окуу программасынын ар кандай бөлүктөру (тема, кичитема, пункт ж.б.) боюнча окуучунун билимин баалоо максатында мугалим тарабынан коюлат.

3.2. Күндөлүк бааны класста сабак берген мугалим же педагог жок болуп калган учурда ОТИ боюнча директордун орун басарынын көрсөтмөсү боюнча аны алмаштырган мугалим коёт.

3.3. Мугалим күндөлүк бааны төмөндөгү учурларда коёт:

- окуучунун ордунан же доскага чыгып айтып берген оозеки жообуна;
- окуучуга берилген жазуу түрүндөгү үй ишине жана аны аткаруусуна;
- эгерде окуучу бул сабакта аткарылган үй тапшырмасын көрсөтүүдөн баш тартса, сабакта же кошумча сабакта ушул сабакка сунушталган үй тапшырманын курамындагы жазуу тапшырмасына;
- жумушчу дептеринде аткарьшган класстык жазуу иштерине;
- аткаруу мөөнөтү 25 минутадан ашпаган жана 15 минутадан кем болбогон өз алдынча аткарылган тапшырмаларга (өз алдынча иштөө, карточка менен иштөө ж.б.);
- жазуу иштеринин ар кандай түрлөрүнө (сөздук жат жазуу, математикалык текшерүү иштери, дил баян ж.б.);
- окуучунун үйдөн даярдап келген билдирүүлөрү (реферат, доклад, презентация);
- аудирлөө.

Жазуу иштери, билдирүү, үйгө берилген дил баян сыяктуу жазуу иштерин текшерүү учурларынан тышкары мезгилде ушундай күнүмдүк бааларды мугалим болуп жаткан сабакта класстык журналга жана күндөлүкө коюу керек. Көрсөтүлгөн жазуу иштерин, үйгө берилген дил баяндан башкасын, мугалим эки күндүн ичинде текшерип, баалар окуучунун класстык журналына жана күндөлүгүнө , коюлушу керек.

3.4. Предмет боюнча тематикалык планда каралган

- текшерүү иши;
- дил баян;
- баяндама;
- тест;
- лабораториялык иш;
- практикалык иш;
- контролдук окуу, сүйлөө, аудирлөө;
- окуу техникасын текшеруу сыяктуу окутуучу иш-чарага күндөлүк бааны коюуга мугалим милдеттүү.

3.5. Мугалим белгилүү себептер менен сабакка келбей калган окуучуга өтулгөн темалар, окуучу тарабынан берилген суроолорго консультация берүүгө милдеттүү.

3.6. Мугалим окуучу келбей калган убакта өтүлгөн темаларды аткарууга ушул жобонун 3.4.пуктунда көрсөтүлгөндөй кошумча сабакта же башка сабактарда милдеттендирүүгө укуктуу.

3.7. Күндөлүк баалар ушул жобонун 3.4. пунктунда көрсөтүлгөндөй үйгө берилген дил баяндын баасын мугалим журналга 4 кунден кем эмес мөөнөттун ичинде коюшу керек.

3.8. Мугалимге төмөндөгү учурларда күндөлүк бааны коюуга тыюу салынат:

- сабактагы жана танапис убагындагы окуучунун журум-турумуна;
- эгерде окуучунун уй тапшырмасына берилген жазуу иши жок болсо;
- окуучу келбей калган учурдагы өтүлгөн сабакта берилген үй тапшырмага.

### 4. Чейректик жана жылдык баалар

4.1. Чейректик жана жылдык бааларды бул класста сабак өткөн мугалим, ал эми ал жок учурда окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же директор коёт.

4.2. Сабак боюнча чейректик жана жылдык баалар мугалим тарабынан класстык журналга окуу мезгилинин аякташына уч сабак калганда, бирок каникулдун биринчи күнүнө чейинки төрт календарлык күндөн кеч эмес коюлушу керек.

4.3. Чейректик жана жылдык баалар окуучулардын күндөлүктөрүнө класс жетекчи, ал эми ал жок учурда акыркы окуу күнү дайындаган адам тарабынан коюлат.

4.4. Чейректик баа аталган сабак боюнча 2-11-класстардын окуучуларына математикалык мыйзамдар боюнча окуу чейрегинин ичинде алган бааларынын жалпы санынын орточо арифметикалык санын бүтүнгө айландырылган орточо саны коюлат.

4.5. Класс аралык аттестацияга чыгарылбаган сабактар боюнча жылдык баа 2-11 класстардын окуучуларына математикалык мыйзамдар боюнча аталган сабак боюнча алынган чейректик баалардын орточо арифметикалык санын бүтүнгө айландырылган саны коюлат.

### 5. Мугалимдердин, мектеп администрациясынын жана окуучулардын ата- энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) талаш маселелерди чечүүсү

5.1. Бардык мугалимдер бул Жобону кыйшаюусуз так аткарууга жооп беришет, ал эми окуу-тарбия боюнча директордун орун басарлары педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгүн баалоону үзгүлтүксүз текшерип турушат, талаш кырдаалдарды чечүү үчүн окуучулардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жогору коюу менен бардык чараларды көрүшөт.

5.2. Бардык мугалимдери окуучулардын күнүмдүк жетишүүсү боюнча ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө), аларды мектепке чакыруу менен ата-энелер чогулушунда, же почта аркылуу кат түрүндө кайрылуу менен өз учурунда маалымат берүүгө жооп беришет.

5.3. Канааттандырарлык эмес чейректик баа коюлганда мугалим кийинки окуу чейректе окуучуга окуу программаны өздөштүрүү боюнча жардам берүү чараларын көрүүгө милдеттүү.

5.4. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) ата-энелер чогулушуна катышууга, өзүнүн баласынын күнүмдүк жетишүүсүн дайыма текшерүүгө, сабакка даярданууга жана уй тапшырмаларды сапаттуу жана өз учурунда аткарууга бардык керектүү шарттарды түзүүгө, кошумча сабактарга катышуусун жана предмет боюнча канааттандырарлык эмес чейректик бааларды жоюусун текшерүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

5.5. Окуучунун ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) жазуу ишинин баасы менен макул болбогон учурда анын объективдүү коюлушун текшерүү өтүнүчү менен окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына же мектептин директоруна кат түрүндө, кайрылууга укугу бар.

5.6. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары жазуу иши боюнча коюлган баанын объективдүүлүгүн текшерүү боюнча текшерүү комиссиясын түзүү жөнүндө буйрук чыгарат. Комиссиянын курамына, төмөндөгүлөр кирет: окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, эки мугалим, анын ичинде каралып жаткан бааны койгон мугалим. Комиссия ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрү) катышуусунда жазуу ишине коюлган баанын объективдүүлүгүн текшерет жана аны өзгөртүү же өзгөрүүсүз калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат.